DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2019

## ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ
## ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ
## HISTORICAL SCIENCES

*Жолдошева А.А.*

# БЕЛЕК СОЛТОНОЕВ КЫРГЫЗДЫН АЛГАЧКЫ ЭТНОГРАФЫ

*Жолдошева А.А.*

# БЕЛЕК СОЛТОНОЕВ ПЕРВЫЙ КЫРГЫЗСКИЙ ЭТНОГРАФ

*A.A. Zholdosheva*

# BELEK SOLTONOYEV-THE FIRST KYRGYZ ETHNOGRAPHER

*УДК: 392*

*Макалада Белек Солтоноевдин “Кызыл кыргыз тарыхы” деген эмгегинде кыргыздардын реалдуу жашоо-тиричилиги, каада-салттары, улуттук оюндары, табыпчылыгы, аскердик тарбия берүү, уруу тамгалары жана алардын аталыштары , календары, жылдыз саноо илими, салттуу аңчылыгы, кыргыз уруулары жана алардын айырмачылыктарынын келип чыгышы терең изилденген. Ал тил илимине, сөздүк түзүүгө, улуттук оюндар, каада-салт, жашоо тиричилигиндеги башка элдерге окшобогон өзгөчөлүктөрүн тактоого аракет кылып, майнаптуу жыйынтык чыгарган. Тээ илгертен кыргыз балдарына тажрыйбалуу , өрнөктүү иштерди оюн менен көрсөтүп кеткен ырчы, комузчу, кыякчы, темир комузчу, чоорчу, сурнайчылар “күү” аркылуу көп тажрыйбалуу сөздөрдү илгертен улам кийинки муундарга калтырып кетишкен. Кыргыз каада-салттарына кирген улуттук оюндардын бири ордо оюнунун изилдениши бүгүнкү күндүн талабы десек болот. Бул макалада этнографтын кыргыздын байыркы улуттук оюндарынын бири болгон ордо оюнуна жана уруу - уруулук түзүлүштөрү боюнча чечмелөө жүргүзгөндүгү жөнүндө баяндалган..*

***Негизги сөздөр:*** *чүкө, улуттук оюндар, каада-салт, хан, жоо, согуш, томпой, туу.*

*В историческом труде “История кыргызов” Белека Солтоноева глубоко исследованы такие сферы реальной жизни кыргызов, как: жизнь и быт, обычаи и тардиции, национальные игры, знахарство, военное воспитание, родовые тамги и их названия, календарь, астрономические науки, традиционная охота, кыргызские роды и их отличия, а также их происхождение. Он пытался выявить уникальность, непохожесть на другие народы особенность кыргызской культуры. Изучил и открыл самоиденичность кыргызов в сфере языковой науки,в составлении словаря, народных игр и их особенность. С древних времен кыргызы воспитивали своих детей посредством игр, музыки, народных сказаний и благих деяний великих людей. В воспитании использовались также музыкальные иструменты-комузы, кыяк, темир комуз, чоор, сурнай-их мелодии и напевы благоприятно сказывались на молодое поколение. На сегодняшний день исследование игры ордо, являющийся традиционно национальной игрой кыргызского народа считается приоритетом современного кыргызского общества. В статье повествуется о разъяснении этногрофом “ордо” являющимся древней игрой кыргызов и еще говорится о расшифровке структуры родов.*

***Ключевые слова:*** *альчики, национальные игры, обычаи, традиции, хан, враг, война, знамя.*

*“History of Red Kyrgyz” by Belek Soltonoev is about real life of Kyrgyz people, their customs and traditions, national games, healing medicine, military up-bringing, tribe letters and their names, the calendar, the science of stars,traditional hunting, Kyrgyz tribes and their differences. The authormade abasical conclusion, researching the peculiarities of uniqueness in linguistics, dictionary making, national games, traditions and their lifetime. From the ancient time singers, komuzists, kyakchy, temirkomuzchu, surnaichy, choorchu passed many valued words on generation by their melodies. Researching “ordo”, one of the Kyrgyz national game is a noway’s demand. The article deals with the meaning of “ordo” - one of Kyrgyz ancient national games and defining the structure of tribes.*

***Key words:*** *chuko, national games, traditions, khan, war, warrior tompoi, flag.*

Кыргыз профессионал тарыхчыларынын илим чыйырын түптөгөн Белек Солтоноевдин көзү менен элибиздин этнографиялык баалуулуктарын карап келебиз. Ал этнограф катары тарых илимине чыйыр салган адис. Илимпоз Н.А. Аристов, В.В. Бартольд, В.В. Радлов, Г.Ф. Миллер, Махмуд Кашкари жана башка таанымал окумуштуулардын эмгектеринен маалымат алуу менен бири-бирине салыштыруу аркылуу кыргыз тарыхын жазган жана санжыралык маалыматтарга илимий негиздүү мамиле жасаган.

Кызыл кыргыз тарыхы китебинде үч түрдүү иликтөө камтылган:

1. Кыргыз элинин тарыхы
2. Кыргыз элинин үрп-адаты,каада-салты
3. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Кызыл кыргыз тарыхынын маанилүү жагы кыргыздардын этнографиясы жөнүндөгү материалдар болуп эсептелинет. Автор бул эмгегинде элдик жөрөлгөлөрдөн тартып, элдик астрономияга чейин, элдик санжырадан, элдик философияга чейин өтө маанилүү маалыматтарды иликтеп чыккан. Ал тилибизди, улуттук оюндарыбызды, каада-салттарыбызды, жашоо-тиричилигибиздеги башка элдерден айырмаланган, окшобогон өзгөчөлүктөрүн тактоого аракет кылып, майнаптуу жыйынтык чыгарууга аракет жасаган.

Уруулук тайпалык түзүлүш боюнча түрдүү пикирлер айтылып келет. Сейф ад-Дин Аксыкендинин "Мажму-ат-таварих" деген эмгегинде да уруу-тайпалык түзүлүш болгон, оң жана сол канат делген кыргыздардын генеологиялык схемасы жөнүндө айтып кеткен. Оң канат кыргыз уруулары санжыралык маалыматтарда Ак уулдан тарап, генеологиялык маалыматтар боюнча оң канаттагы багыш, саяк, черик, моңолдор, муңгуш, суу мурун, коңурат, баргы, бөрү, жору, кара багыш, адыгине уруулары кирген. Ал эми сол канат урууларына генеологиялык жана башка жазма маалыматтар боюнча чоң багыш, басыз, мундуз, саруу, кушчу, кытай, жетиген,төбөй уруулары кирип, сол канат уруулары Куу уулдан таралган деп айтылып келет.

Демек, уруулардын белгилүү бир топторго, канаттарга бөлүнүүсү байыркы хунну доорунан белгилүү болуп келген. Ошол мезгилдерде хуннулардын оң же сол канат аскерлердин башчысы, башкы командачысы "бугу" (бугуг) деген титул менен аталганы белгилүү.

Кытай булактарында (Хань династиясы, "Ши-цзи" б.з.ч. III б.з. III кк) Хуннулардын аскердик-башкаруу системасында оң, сол, борбор принциптери сакталарын, сол канат-чыгыш хунну уруулары, оң канат-батыш хунну урууларына ажыраарын маалымдашкан. Оң, сол, борбор принциптериндеги аскердик-чарбалык бөлүнүүлөрдүн башаты "согуштук демократия" мезгилине барып такалаары жөнүндө айтылган [2, 414-б.].

Белек Солтоноев – кыргыз элинин аксакалдарынан, чечендеринен, улуу санжырачыларынан, уламыштарды, окуяларды, угуп, тарыхый чыгармалар менен таанышап, изилдей баштаган. 1895-1996-жылдары уқан окуяларды, уламыштарды, сөздөрдү ирет-төөгө киришип, чындыкка жакындарын алып, оң канат жана сол канат аталган кыргыз элинин тарыхын жазып калтырган.

Карыялардан уккан маалыматтары боюнча: Сатыке деген кишинин эки уулу болгон. Улуу уулун Агул, кичүүсүн Куу уул деген.

1. Энесинин ичинде Агул ичте оң жагында,Куу уул сол жагында жаткан, ошондуктан Агулдун тукуму оң аталсын, Куу уулдун тукуму сол аталсын делген уламышты жазып калтырган.

2. Кийинки вариантта: Агул оң эмчегими эмген, "оң" аталсын, Куул сол эмчегимди эмген "сол" аталсын деген маалыматты жазган.

3. Ушуга окшогон дагы бир вариантта: согушта Агул оң саптагы колду баштаган үчүн "оң" аталды, Куул сол жак колду баштаган үчүн "сол" аталды деген.

4. Арка (түн жак) менен ичкерлик (күн жак) кыргыздардын арасы ортодогу Ала-Тоолорду чек кылышып, оң жагындагы элди "оң" атап (күн жүрүш), сол жагындагы элди "сол" деп аталган маалыматты калтырган [1, 95-б.].

Дагы бир вариант боюнча Кыргыздар азыркы Кыргызияга эки жактан келип куралган эл дешкен. Тарых боюнча биринчиси Эне-Сайдан Кыргызияга (Тянь Шанга) келген. Бул келгендер түн жагына орношуп, ошол себептен түн жагындагы Кыргызия күн батышты караганда оң жактан келип жана оң жакта тургандыктан, "оң" аталуу мүмкүн. Ал эми буга Какшаалдагы Кытайга караган черик кыргыздары да кирет. Экинчиси Кашкардан, эң эски заманда келген булу кыргыздары Кашкар, Алай, Фергана жактарына орношуп, күн батышка бел алганда, Кыргызиянын сол жагы болуп, сол жактан келгендиктен "сол" аталышы мүмкүн деген түрдүү көз караштарды калтырып кеткен [1, 95-б.].

Демек,өз мезгилинде тарыхка баа берип, аны изилдөөгө өтө чоң салым кошкондугун баамдасак болот. Ошону менен бирге кыргыздын каада-салттарына кирген улуттук оюндарынын бири болгон – ордо оюну боюнча да изилдөө жүргүзгөн. Ордо оюну тээ илгертен ата-бабабыздан бери ойнолуп келе жаткан оюндардын бири. Ордо оюну жеке кыргыздарда гана ойнолгондуктан, жоокер замандагы аскер жашоосун, турмушун чагылдырган. "Ордо" деген сөз "хандын тактасы", "хан сарайы" деген маанини түшүндүрөт.

Ата бабаларыбыз көптөгөн өнөрлөрдү, оюн-зоокторду, муундан-муунга келе жаткан каада-салттарыбызды улам кийинки муундарга калтырып келишкен.

Кыргыз элинин алгачкы тарыхчысы, этнографы - Белек Солтоноев "Кызыл кыргыз тарыхы" деген эмгегинде ордо оюнунун мазмунун чечмелөөгө аракет жасап, аны төмөнкүдөй чечмелеген:

1. Тегерете чийип – ордо аскердик картадай элестетилген. Чеп сыяктуу чагылдырылган.

2. Дал ортосу-борбору болгон.

3. Мында чүкөлөрдү тизип, анын ортосуна ханды коюшкан. Бул туу түбү болгон.

4. Ханды тегерете кылып калган чүкөлөрдү коюшкан. Бул хандын аскерлери деп чечмелеген.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



5. Эреже боюнча эки топко бөлүнүп ойнолгон оюн, эки команданын башчылары чүкөнү ыргытканда кайсыл команданын чүкөсү “таа” түшсө, ошол команда баштаган. Мында жоонун күчүн чагылдырган. Күчтүү жоо биринчи чабуул кылганын айткан.

6. Ар бир оюнчуга бештен чүкө берилип, алардын ар бири үчтөн атканга укуктү болгон. Мында беш аскерден үчөө согуш талаасына киргендигин чечмелеген.

7.Оюн учурунда чийинди эреже менен басып, бардык убакта борборго көз салып туруу керек. Демек, чептен, сепилден атышыканы деген.

8. Оюнчунун аткан чүкөсү чийинден чыкпай калса, ал күйөт. Жоокердин согушта курман болгону.

9. Эгерде аткан чүкөсү чийинден чыкса, оюнчу оюнун улаган. Бул жоокердин согушту улантканы же душманын өлтүрмөй сайын же өзү өлмөйүн согуштун улана бериши деген маанини берген.

10. Чийинге жакын келген чүкөнү казайт (казаман), бул жекеге чыккан же душманды аңдып чыккан кароолду өлтүргөнгө салыштырган.

11. Атылган чүкө чийинден чыгып, чийиндин ичине эки кадам томпою чүкөгө жакын жатып калса, бир бутун тамандап, чүкөнү олтуруп черткен. Жоокердин аты өлүп, жоо менен жөө согушуу, жаа менен эмес колмо-кол согушуу деп чечмелеген.

12. Черткен оюнчунун сыртында – чүкө калган болсо оюну күйгөн. Жоокерди сыртынан жоо курчап алганын чагылдырган.

13. Оюнда оюну бир же эки,үч чүкө аткандан соң ханды атканга уруксат берилет. Бул хандын жан сакчыларын өлтүрүп, душмандын ханга кол салганы айтылган.

14. Чийинге жакын болгон чүкөнү атып алат. Мында жалгыздап калган жоону өлтүрүү деген.

15. Беш чүкө үч атканга жарайт-беш аскердин үчөө согушта, экөө кошто болгондугун айткан.

16. Үч чүкө эки атканга жарайт – үч аскердин экөө согушта, бири кошто болгон деп чечмелеген.

17. Бир чүкө бир атканга жарайт - жоодон жеңилип, бир жоокер калса да согушкандыгын айтып кеткен.

18. Бир тараптын жарымынан көбүнө оюн жетпей калса, калганы чокоңдосо жеңилгенге эсеп-мында жоокерлердин көбү өлүп, аттарынан ажыраган жана жөө калышып жеңилген деген маанини берээрин айткан.

19. Эгерде ханы бар жакта бир чүкө, бир оюну болсо да оюн уланат – мунун мааниси хан өлмөйүн,же колго түшмөйүн жеңилбегенге эсеп деген;

20. Ал эми томпою чүкөгө тийе жатып, томпойду алаарда чүкө кыймылдап калса-жоо өлбөстөн аман калып, каршылашын өлтүргөндүгүн билдирген.

21. Кийинкиде, хан ордодо турганда ханга бет алдыра атат- качан болсо ханга, тууга бет ала согушуу деген.

22. Чекеге келген чүкөнү - кыйгай атып алат- бу да болсо чекеге жалгыздап келген жоону өлтүргөнү деп чечмелеген [1, 11-12-бб.].

Ушул сыяктуу кыргыз элинин ар бир оюнунун ар башка өзүнчө тажрыйбасы болуп келген.

Бүгүнкү күнгө чейин ордо оюну ар дайым кыргыз элинин шаан-шөөкөттөрүндө, майрамдарда улуттук оюн болуп ойнолуп келет. Ал тургай атайын мелдештер болуп, ордо оюнун муундан муунга калтырып келишүүдө.

Жогоруда айтылган маалыматтардын негизинде Белек Солтоноевдин «Кызыл кыргыз тарыхы» эмгеги кыргыздын тарыхы үчүн көөнөргүс булак, баалуу материал экендигине терең ынанабыз.

Демек, Белек Солтоноев кыргыздын эң алгачкы этнографы болгон. Өз мезгилиндеги баалуу маалыматтарды бизге жазып калтырган.

Белек Солтоноевдин эли үчүн күйүмдүүлүгү, мекен үчүн болгон эмгеги жаш муундар үчүн үлгү катары кала бермекчи.

**Адабияттар:**


1. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. - Бишкек, 2017-ж.
2. Каратаев О., Эралиев С. Этнография боюнча кыскача сөздүк. - Бишкек, 2005.
3. К. Жусупов “Кыргыздар”. - Бишкек, 2004.
4. Кут билим гезити. - 2018-жыл, ноябрь.
5. Кыргыз туусу гезити. 2018-жыл, декабрь.


**Рецензент: к.и.н., доцент Осмонов С.Ж.**